И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын изденүүчүсү **Капалбаев Октябрь Эркиновичтин “Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)”**аттуу 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасына Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.д., Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору **Аниса Рифовна Бикбулатованын**

## КОРУТУНДУСУ

**1. 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштинД 07.21.628Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Изденүүчү Капалбаев Октябрь Эркинович тарабынан 07.00.07 - этнография, этнология жана антропологияадистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” аттуу докторлук диссертациясы менен таанышып, төмөнкү жыйынтыкка келдим:

Диссертациялык иштин максаты кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн кыргыз тарыхындагы, маданиятындагы ордун жана ролун ачып көрсөтүү.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

- Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн, териден жасалган кийимдерин жана турмуш-тиричилик буюмдарын чагылдырган байыркы жазма эстеликтерге, орто кылымдардагы тарыхый булактарга, совет мезгилине чейинки орус, чет элдик окумуштуу-саякатчылардын эмгектерине, эгемен мезгилде жазылган илимий изилдөөлөргө булакнаамалык жана тарыхнаамалык талдоолорду жүргүзүү;
- кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө күткөн жыйынтыктарга жетүү үчүн иштин илимий-методологиялык негиздерин аныктоо;
- кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү аркылуу башка элдер менен этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын тактоо;
- кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүндөгү буюм аталыштарынын келип чыгышын жана түпкү маанилерин талдоо;

● салттык тери иштетүү көркөм кол өнөрчүлүгүнүн ролун жана ордун элдик оозеки чыгармалар аркылуу көрсөтүү;

● XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы кыргыз усталарынын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө колдонулган салттык ыкмаларын, алардын түрлөрүнүн жалпылыктарын жана айырмачылыктарын табуу;

● кыргыздардын салттык маданиятындагы өзгөчө орунду ээлеген кун жана көрпө терилеринен жасалган кийим-кечектердин түрлөрүн, алардын жасалуу ыкмаларын, айырмачылыктарын жана жалпылыктарын ачып берүү;

● кыргыздардын териден жасалган салттык кийимдерине, курал-жарактарына жана турмуш-тиричилик буюмдарына мүнөздөмө берүү;

● кыргыздардын салттуу буюмдарына түшүрүлгөн оюу-чиймелердин, түстөрдүн кыргыз дүйнө таанымындагы ордун аныктоо.

*Иштин объектиси*XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү.

Иштин методологиялык негизин, тарыхчы, этнолог, антропологдордор тарабынан иштелип чыккан объективдүүлүк, системалык изилдөө, салыштырма-тарыхый ыкма, байкоо жүргүзүү, маектешүү, ретроспективдүү, семантикалык, карама-каршылык жана сандар ыкмалары түздү.

Жыйынтыгында жогоруда каралып жаткан диссертациялык иш Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты)окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнчаД 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына жана мазмунуна (07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна) толугу менен туура келет.

## 2. Диссертациялык теманын актуалдуулугу.

Көчмөн, жарым көчмөндүк чарба кыргыздарды айлана чөйрөгө, географиялык шартка ылайыкташып жашоого үйрөткөн. Алардын заттык, руханий маданияты толук чарбадан көз каранды болгон. Мезгил өткөн сайын көчмөн маданиятка, чарбанын өнүгүшүнө, анын ичинде салттуу кол өнөрчүлүккө ар канда кошумчалар жана толуктоолор киргизилип, бул процесс XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып күч алат, кыргыз коомуна башка этностордун аралашышы заттык, руханий маданияткабашка элдердин маданиятынын айрым элементтеринин киришине өбөлгө түзүп, аны өзгөрүүгө дуушар кылат.

Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү көчмөндөрдүн эң маанилүү кошумча кесиптеринин бири болгондугун, териден жасалган буюмдардын жашоо турмушта кеңири колдонулгандыгы, турак-жайынан, кийген кийимдеринен, колдонгон идиш-аяктарынан жана пайдаланган курал-жарактарынан даана көрүнөт. Алардын аталыштары дагы териге байланыштуу айтылган. Коомдун өнүгүшү менен турмуш-тиричилик буюмдары башка материалдардан жасалса дагы, алар баштапкы аталыштарын азыркы мезгилге чейин сактап калган.

Кыргыздарда аң терилеринен жасалган кээ бир буюмдар алардын коомдук абалын, дүйнө таанымын, руханий маданиятын чагылдырган каражатка, белгилерине айланган. Демек, салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү, кыргыздардын жашоо турмушунда, кол өнөрчүлүктүн гана бир түрү катары кабыл алынбастан кеңири мааниде каралып, ага комплекстүү илимий изилдөө жүргүзүлүп, тиешелүү илимий баа берилүүсү зарыл.

**3. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары.**

Диссертациялык изилдөөдө кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы) изилдөөгө алынып, жыйынтыктары жана сунуштары этнология илими үчүн маанилүү болгон теориялык жаңы тыянактардын пайда болушуна алып келди:

1-жыйынтык

- Орус окумуштуу-саякатчыларынын, аскер кызматкерлеринин, чыгыш таануучуларынын кыргыз элинин териден жасалган буюмдары тууралуу берген билдирүүлөрүнүн жана маалыматтарынын үстүртөн берилгендигин элдик оозеки эпикалык чыгармалар аркылуу көрсөтүлдү,

2-жыйынтык

- Азыркы мезгилге чейин белгисиз болгон, же толук маалымат берилбей келген кийимдер, курал-жарактар, идиш-аяктар жана буюмдардын түрлөрү аныкталып, аларды жасоо ыкмалары көрсөтүлдү;

3-жыйынтык

- Кыргыз элинин териден жасалган салттуу баш кийими (тебетей) биринчи жолу эпикалык чыгармалардагы маалыматтардын негизинде аскердик даража катары көрсөтүлдү,

4-жыйынтык

- Оозеки элдик чыгармалар жана талаа материалдардын негизинде бут кийимдердин бир нече түрү аныкталды;

5-жыйынтык

- XIX кылымдын аягы – XX кылымда Кыргызстандын аймагында жашаган жаныбарлар, аларга аңчылык кылуу, терилеринин наркы, аң терилеринен жасалган кийимдердин түрлөрү белгиленди;

6-жыйынтык

- Кыргыз элинин аң терилерине карата жасаган ырым-жырымдары, каада-салттары жана дүйнө таанымдары чагылдырылды;

7-жыйынтык

- Кыргыздардын салттуу буюмдарына түшүрүлгөн оюм-чийимдердин семантикасы берилди.
-

4. **Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

1-жыйынтык

- Орус окумуштуу-саякатчыларынын, аскер кызматкерлеринин, чыгыш таануучуларынын кыргыз элинин териден жасалган буюмдары тууралуу берген билдирүүлөрүнүн жана маалыматтарынын үстүртөн берилгендигин элдик оозеки эпикалык чыгармаларда кездешкен материалдардын в негизинде далилденди.

2-жыйынтык

- Азыркы мезгилге чейин белгисиз болгон, же толук маалымат берилбей келген кийимдер, курал-жарактар, идиш-аяктар жана буюмдардын түрлөрү аныкталып, аларды жасоо ыкмалары илимий анализдин негизинде, толукталып, сүрөттөрү менен көрсөтүлдү.

3-жыйынтык

- Кыргыз элинин териден жасалган салттуу баш кийими (тебетей) биринчи жолу “Манас” эпосу ж.б эпикалык чыгармалардагы маалыматтардын негизинде аскердик даража экендиги тастыкталды.

4-жыйынтык

- Буга чейин белгисиз болгон бут кийимдердин бир нече түрү талаа материалдарынын Оозеки элдик чыгармалардын жардамы менен далилденди.

5-жыйынтык

- XIX кылымдын аягы – XX кылымда Кыргызстандын аймагында жашаган жаныбарлар, аларга аңчылык кылуу, терилеринин наркы, аң терилеринен жасалган кийимдердин түрлөрү колдонулган булактар, адабияттагы билдирүүлөр менен далилденди.

6-жыйынтык

- Кыргыз элинин аң терилерине карата жасаган ырым-жырымдары, каада-салттары жана дүйнө таанымдары эпикалык чыгармалардын, талаа материалдарынын негизинде тастыкталды.

7-жыйынтык

- Кыргыздардын салттуу буюмдарына түшүрүлгөн оюм-чийимдердин семантикасы колдонулган адабияттардын, тарыхый булактардын, эпикалык чыгармалардын материалдары менен далилденди.

**5. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Капалбаев Октябрь Эркиновичтин "Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы) аттуу диссертациясынын жыйынтыктары кыргыз этнология илими үчүн актуалдуу болгон маселелерге: орус окумуштуу-саякатчыларынын, аскер кызматкерлеринин, чыгыш таануучуларынын кыргыз элинин териден жасалган буюмдары тууралуу берген билдирүүлөрүнүн жана маалыматтарынын үстүртөн берилгендигине, белгисиз териден жасалган буюмдардына, аларды жасоо ыкмаларына, XIX кылымдын аягы – XX кылымда Кыргызстандын аймагында жашаган жаныбарларга, аларга аңчылык кылууга, терилеринин наркына, аң терилерине карата жасаган ырым-жырымдарына, каада-салттарына арналып, жалпы логикага ээ, жана этностордун маданиятынын өнүгүүсүнө байланыштуу теориялар менен тыгыс байланышта. Алынган жыйынтыктар бири бири менен байланыштуу, практикалык сунуштар теориялык жактан тастыкталган.

Диссертация бир катар жаңы илимий жыйынтыктарга ээ, бул автордун этнология илиминин өнүгүүсүнө кошкон жеке салымы тууралуу кабар берип, иштин ички биримдигин далилдеп турат.

**6. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин салттык маданияты, кол өнөрчүлүгү боюнча тарыхый адабияттардын тизмесин толуктап, кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн мыкты деңгээлде өнүккөндүгү тууралуу маалыматтарды берип, түшүнүктөрүн кеңейтет. Диссертациялык иштин материалдары менен негизги жоболору коомдук илимдер тармагындагы жалпылоочу эмгектерди

даярдоодо, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн.

Изилдөө аркылуу калыбына келтирилген тери буюмдарын жана кийимдерин азыркы мезгилдин талаптарына ылайык өндүрүшкө киргизүүгө болот.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын максаты жана милдеттерине автореферраттын тексттинде чагылдырылган материалдар толугу менен жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук жагынан окшош (идентивдүү) резюмелер менен жабдылган.

**8. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Илимий изилдөөдө кетирилген кээ бир кемчиликтерди жоюу үчүн айрым сунуштарым төмөндөгүдөй:

1. Диссертациялык иштин киришүү бөлүгүндө *Актуалдуулугу*н толук, кеңири ачып берүүнү сунуштайт элем.
2. Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу аттуу пункта 1 монография, 2 китеп дегендин ордуна 3 монография (2 башка авторлор менен бирдикте) деп берүү сунушталат.
3. Иштин объектиси катары көчмөн маданиятынын келип чыгышы, калыптанышы, өнүгүшү жана алардын кыргыз тарыхындагы ээлеген ордун таап чыгуу болуп эсептелет деген формулировка менен макул эмесмин, объектиси Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүдеп берүү туура деп ойлойм, буга тиешелүү ой жүгүртүүлөрду кошо оңдоо зарыл.
4. Диссертациянын 1- бөлүмүндө кездешүүчү чет элдик саякатчы илимпоздордун аттары (C.G. Mannerheim, G. Bonvalot, J.G. Capus, R. Dor ) англисчегана жазылып берилген жерлери кездешет, менимче кыргызча жазып, кашаанын ичине англисче жазылса туура болот.
5. Диссертация менен авторефератта кездешүүчү дал келишпестик, техникалык каталарды карап, ондоп чыгуу сунушталат.

**9. Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Изденүүчү диссертациянын үстүнөн он жылга жакын убакыт эмгектенген (2013-ж. бери).
2. Диссертант экспедициялардын составында КЭРде, Казахстанда, Өзбекстанда талаа материалдарын чогулткан, ал иштери жөнүндө тиркемедеги сүрөттөр далил.
3. Диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын кеңейтилген жыйынында 2020-жылдын 10-июнунда талкууга алынган.

Жогоруда белгилегендерди эске алып, **Капалбаев Октябрь Эркиновичтин "Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)"**аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди жоюу, сын пикир, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу шарты менен Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 07.21. 628 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кыламын.

**9. Жетектөөчү мекеме, оппоненттер боюнча сунуштар:**

Жетектөөчү мекеме катары ОшМунун Чыгыш таануу жана тарых факультетин сунуштайм, ал жерде квалификациясы боюнча бул ишке туура келген адистердин саны жетиштүү деп эсептейм.
Расмий оппоненттерге тарых илиминин докторлору С. Каиповду, О.К. Каратаевдижана А. Мокеевди сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
**Тарых илимдеринин доктору,**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору** **А.Р. Бикбулатова**

Бикбулатова А.Р. колтамгасын тастыктаймын
АРС башчысы: /Курманова Н.Т./